КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XII сессиясы**

# Токтом № 48

**Сүлүктү шаары** **12,04. 2022-жыл**

**Сүлүктү шаардык кеңешинин XI сессиясынын 2022-жылдын 18-мартындагы №44 токтому менен бекитилген Сүлүктү шаарынын аймагында үй-бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү жөнүндөгү Жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн бринчи орун басары М.Тулаевдин 2022-жылдын 18-мартындагы №01-6/157 чыгыш сандуу катына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгына ылайык иштелип чыккан "Шаарларда, айылдарда жана башка калктуу конуштарда үй – бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын өтөрүүнүн тартиби жөнүндөгү" Типтүү жобонун жана 2009-жылдын 20-июлу №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10,17 беренесинин негизинде депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин XI сессиясынын 2022-жылдын 18-мартындагы №44 токтому менен бекитилген Сүлүктү шаарынын аймагында үй-бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү жөнүндөгү Жобосуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин

- Жобонун 5 беренесинин 5.36 пункту **" Маркумду эске алуу ырым жырымдарын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө мал союуга болбойт (тыюу салынат) жана 52 күндүк, жылдык, пейшембилик жок кылынсын"** деген пункт менен алмаштырылсын

2. Жобо ушул токтом менен киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирилсин
3. Жобого киргизилген өзгөртүүлөр боюнча массалык маалымат каражатында жарыялоо жагы "Шахтер жолу " гезитинин редактору К.Шамшиевага милдеттендирилсин

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Сүлүктү шаарынын мэри М.Кадыркуловго милдеттендирилсин

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин социалдык маселелер, билим беруу, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага : - К.Мадаминов